КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

КАРА-БАЛТА ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

КАРА-БАЛТИНСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

# КАРА-БАЛТА ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

«10» июнь 2026-ж. №16 Кара-Балта ш.

## Кара-Балта шаарынын аймагындагы кварталдык комитеттердин чек араларын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34, 39, 57-беренелерине ылайык, кварталдар арасында үй чарбаларын бирдей бөлүштүрүүнү камсыз кылуу жана калк менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кара-Балта шаардык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1. Кара-Балта шаарынын аймагындагы кварталдардык комитеттердин чек аралары тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-февралындагы №02 токтомунун 2-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.
3. Кварталдардын чек араларынын өзгөрүшү жөнүндө калкты маалымдоо иштери жүргүзүлсүн.
4. Ушул токтом мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп, ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылыш көзөмөлү Депутаттык этика, регламент жана укуктук маселелер боюнча туруктуу комиссияга жана Кара – Балта шаарынын мэри – А.К. Исаковго жүктөлсүн.

---

**Таркатылсын:** иш кагаздарына, Кара-Балта ш. мэриясына, КР ЮМга.

**Кеңештин төрагасы** **М. Дуйшеналиев**